Кыргыз Республикасынын
Көк бөрү  Федерациясы
коомдук бирикмесинин
Президенти Р Джунусалиев

________________________

“03” октябрь 2024 ж.

**2024-жылы Көк-бөрү оюну боюнча муундар арасында өтө турган мелдештин жобосу.**

## 1. Максаты

- Көк-Бөрү оюнун өнүктүрүү;
- Жарандарды ат мингенге, спортко, чыйрак жана таза жашоо өткөрүүгө чакыруу;
- Кыргыз Республикасынын ичиндеги улакчылардын жана күйөрмандардын ынтымагын бекемдөө;
- Кыргыз Республикасынын курама командасына улакчыларды жана аттарды даярдоо.

## 2. Уюштуруу тобу, өткөрүү орду жана убактысы

2.1 Мелдешти Кыргыз Республикасынын “Көк бөрү” Федерациясы өткөрөт;

2.2 Мелдеш Сокулук районундагы Военно-Антоновкада жайгашкан “Ак Кула” ат майданында өтөт;

2.3 Мелдеш 2024-жылдын 3-ноябрынан 10-ноябрына чейин өтөт;

## 3. Катышуучулар

3.1 Көк бөрү оюну боюнча Кыргыз Республикасынын муундар ортосундагы мелдеш 2 топко бөлүнүп өтөт:

- Биринчи топ: 1985 жылдан – 2004 жылга чейин;
- Экинчи топ: 40 жаштан улуу улакчылар арасында;

3.2 Мелдештерге катышууга каттоо, командалар тарабынан Федерацияга берилүүчү билдирме аркылуу жүргүзүлөт. Билдирмени берүү мөөнөтү 2024 жылдын 20-октябрынан 25-октябрына чейин;

3.3 Билдирмелерге коюлуучу талаптар:

- Командалардагы оюнчулардын жана аттардын саны 12 болуусу шарт;
- Билдирмелер кагаз түрүндө берилип жана Федерациянын электрондук сайтына киргизилүүсү шарт;
- Кирүү төлөмүн тастыктаган дүмүрчөктүн (квитанция) көчүрмөсү, төлөмдүн өлчөмү 50 000 (элүү миң сом), бардык катышуучу командаларга. Төлөнгөн каражат ар бир командага бир оюн формасын тигүүгө жана уюштуруу иштерине жумшалат (теке, калыстардын акысы);
- Командада ар бир облустан муун өкүлдөрү болуусу шарт. Кайсы муундун жана кайсы облустун өкүлүн тастыктоочу документ болуп 11-классты же 9-классты бүткөндүгү тууралуу күбөлүктөр эсептелинет. Эгерде күбөлүгү жок болсо, анда жарандыгы тууралуу паспорттун көчүрмөсү жана калкты тейлөө борборунан маалымдама (кайсы облустан экендигин тастыктоо үчүн) менен катыша алат, бирок паспортто көрсөтүлгөн жылдагы муунга гана ойной алат;
- Мелдешке 2024-жылы Кыргызстан курама командаларына (24 ат) кирген

аргымактар киргизилбейт;

**Эскертме: 40 жаштан жогорку улакчылардын командаларына эч кандай чек коюлбайт, каалагандай тартипте команда курап келсе болот.**

## 4. Оюндарды уюштуруу шарттары

4.1 Оюндар Кыргыз Республикасынын “Көк Бөрү” Федерациясы тарабынан бекитилген эрежеге ылайык өткөрүлөт.

4.2 Билдирме берген жана билдирмелери бардык талаптарга жооп берген командалардын санына жараша тайпаларга бөлүнүп оюндар өткөрүлөт.

4.3 Оюндун кызыгуусун арттыруу үчүн, биринчи топтогу жарым финалдык оюндарга чыккан командаларга мелдешке катышпаган үч атка чейин алмаштырууга уруксаат берилет.

4.4 Мелдеш учурунда кайсы бир оюнчунун ойноп жаткан муунга тиешеси жок экендиги аныкталса, ошол оюнчу билдирмедеги аты менен кошо мелдештен четтетилет.

**Эскертме: Мелдеш учурунда командадагы аттын буту сынып же өлүп калса, калыстардын далилдөөсүнөн кийин ордуна башка ат кошууга уруксат.**